**Изденүүчү Айтиева Гулбурак Аскарбековнанын "Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалдарынын негизинде)» деген темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине карата тарых илимдеринин доктору, профессор А.Р. Джоошбекованын расмий оппоненттик**

**ПИКИРИ**

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Изилдөөчү Айтиева Гулбурак Аскарбековнанын **"Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалдарынын негизинде)"** аттуу диссертациясынын темасы актуалдуу, анткени жергиликтүү маданияттын алкагында зыярат кылуучу жайлар жетишээрлик деңгээлде изилдене элек, экинчиден, "зыярат" түшүнүгүнө байланыштуу келип чыккан каада-салттардын, ырым-жырымдардын түпкү маанилери буга чейин илимий жактан жеткиликтүү чечмеленип, ачылып бериле элек. Зыярат универсалдуу илимий маселе экендигин тактоо да азыркы учурда зарыл болуп турат.

**2. Илимий жыйынтыктар.** Каралып жаткан диссертациялык иште бир нече илимий жыйынтыктар чыгарылган.

1-жыйынтык. Байыркы мезгилден бери ыйык жерлер Фергана облусунун калкынын жашоосунун, дүйнө таанымынын маанилүү бөлүгү болуп келген.

2-жыйынтык. Мазарларга сыйынуу алардын зыяратына байланыштуу өзгөчө ырым-жырымдын өнүгүшүнө алып келген. Бул ырым-жырым практикасын изилдөө этнографиялык чоң кызыгууну туудурат, анткени ал Фергана өрөөнүнүн калкынын руханий идеяларынын генезисин, тарыхтын ар кандай этаптарында анын диний артыкчылыктарын ачып берет.

3-жыйынтык. Мазарларда чагылдырылган олуяларга сыйынуу Орто Азия исламынын эң мүнөздүү белгиси болуп калды.

Ок: Бибулашова А.Ф.

ДС 07.23.674
Вх. № 2024/11 от 27.06.24
Уч. секр.

4-жыйынтык. Мазарлар жөнүндөгү уламыштарды жана салттарды чогултуу жана изилдөө маркумдун инсанынын тарыхын жана жаралышын аныктоого мүмкүндүк берет. Белгилүү бир аймактагы кылымдар бою диний кырдаалды байкоого, бул чөйрөдөгү өзгөрүүлөрдү аныктоого мүмкүндүк берет.

5-жыйынтык. Мазарлар мамлекеттин жана коомчулуктун көңүл буруусуна татыктуу. Аларды коргоо, реставрациялоо жана өз максаты боюнча да, музей буюму катары да пайдалануу, аларга байланыштуу ырым-жырымдарды элдик салт катары кайра жандандырып, изилдеп чыгуу зарыл. Бул адамдын руханий дүйнөсүн байытып, элдин рухун тазалоого, жаштардын улуттук руханий каада-салттарын өздөштүрүүгө багытталган тарбия иштерине көмөктөшөт.

**3. Диссертациядагы жыйынтыктардын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли.**

Алынган жыйынтыктардын ишенимдүүлүгү изилдөө материалдарын талдоонун негизинде жана диссертанттын тиешелүү ыкмаларды колдонуусу аркылуу камсыздандырууга аракет жасалган.

**4. Ар бир илимий жыйынтыктын жана тыянактардын жаңылык даражасы.**

Жалпысынан алганда диссертациялык иште алынган натыйжалар негиздүү, практикалык жактан объективдүү жана зарыл деп баалоого арзыйт.

1-жыйынтык салыштырмалуу жаңы, буга чейин эле Фергана өрөөнүндөгү ыйык жерлерди калктын дүйнө таанымынын бир бөлүгү катары башка өңүттөн караган изилдөөлөр болгон.

2-жыйынтык салыштырмалуу жаңы, анткени илимде ырым-жырым практикасын изилдөө аркылуу элдин руханий идеяларынын генезиси, тарыхы изилденген.

3-жыйынтык жаңы, себеби мазарларда чагылдырылган олуяларга сыйынуу Орто Азия исламынын эң мүнөздүү белгиси экендиги аныкталган жана кыргыздардагы сыйынуунун өзгөчөлүктөрү каралган.

4-жыйынтык жаңы, анткени мазаралар жөнүндө жергиликтүү уламыштар жана салттар, ырым-жырымдар тууралуу материалдар талданып, жыйынтыкталган.

5-жыйынтык салыштырмалуу жаңы, мазараларды мамлекеттик, коомдук коргоого алуу, реставрациялоо, музей катары пайдалануу иштери мурдатан жүргүзүлгөн. Ырым-жырымдардын элдик салт катары кайра жандандырылышы менен дагы изилдөөлөр талап кылынат.

**5. Алынган жыйынтыктардын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо**

Айтиева Гүлбурак Аскарбековнанын "Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалдарынын негизинде)» деген темадагы диссертациясынын жыйынтыктары илимий айлампага киргизиле элек этнографиялык талаа материалдарын талдоонун негизинде чыгарылган; тиешелүү илимий ададияттарга сересеп жасоонун негизинде жазылып, анын жыйынтык, тыянактары жана берилген сунуштары этнография илимине өз салымын кошуусу мүмкүн.

Жыйынтыктар өздүк талаа изилдөөлөрүнүн материалдары менен ырасталып, башка булактар жана маалыматтар менен толукталды. Алынган жыйынтыктар өз ара байланыштуу, практикалык сунуштар текшерилген теориялык жоболорго негизделген. Сунушталып жаткан иш адам баласынын курчап турган дүйнөгө болгон көз карашы, дүйнө таанымы, каада-салты, алардын үрп-адаттары, ырым-жырымдары жана жөрөлгөлөрү күчтүү үмүткө негизделген ишенимдерден, тактап айтканда, эволюциялык негизде келип чыккандыгын көрсөттү. Дүйнө элдеринин маданиятында, тарыхый фольклорунда ыйык жайларга сыйынуунун, жөрөлгөлөрдүн, ырым-жырымдардын жыш кездешүүсүнүн себептерин дал ушул тарыхый-этнографиялык жагдайлар менен түшүндүрүүгө аракет жасаган.

Диссертация бул маселе боюнча ички биримдикке ээ болгон бир катар илимий жыйынтыктарды жана жоболорду камтыйт.

**6. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Диссертациялык иликтөөлөрдө жыйналган материалдардын негизинде иштелип чыккан илимий тыянак жана пикирлерди кыргыз тарыхы, маданияты, жана этнографиясына байланыштуу изилдөөлөрдө булак катары пайдаланса болот. Тарых, чыгыш таануу жана чөлкөм таануу адистиктеринде билим алып жатышкан студенттер, магистрлер үчүн жалпыланган окуу куралдарын, тандалма курстарды жазууда колдонсо болот.

**7. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Диссертация менен авторефераттын мазмуну бири-бирине туура келет. Авторефератта 3 тилде: кыргыз, орус, англис тилдеринде резюмелер берилген.

**8. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жетиштүү санда жарык көрүшү.**

Диссертациялык изилдөөдөн алынган негизги жыйынтыктар, илимий-тажрыйбалык конференцияларда окулган баяндамаларда апробацияланып, КР ЖАКнын тизмесине кирген же индекстелген системаларга кирген басылмаларда 13 илимий макалада чагылдырылган. Алар:

1. Кыргыз элинин Ислам динин кабыл алышы (макала). // Ош мамлекеттик университетинин жарчысы. – Ош, 2011. – №3. – 10-13-бб. https://base.oshsu.kg/univer/temp/url/ilim/2011-3.pdf

2. Эгемен Кыргызстандагы диндин абалы (макала). // А. Мырсабеков атындагы Ош гуманитардык педагогикалык институтунун жарчысы. – Ош, 2013.–№1.–265-267-бб.https://drive.google.com/drive/folders/1Lx7-DdAIeYAPQb8KxKytOiXn6JaZHyvc

3. Кыргызстандагы диний ишенимдердин абалы (макала) // XI эл аралык илимий конференциясы. Цивилизациялардын кесилишинде: тил, маданият,

коомдук аспектилери.–Бишкек,2014.–С.263-265 https://drive.google.com/drive/folders/1Lx7-DdAIeYAPQb8KxKytOiXn6JaZHyvc

4. Фергана өрөөнүндө жайгашкан зыярат кылуучу жайлар (макала). // К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин жарчысы. – Бишкек,2014.–№1.– С.331-333. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44765840

5. Предпосылки распространения исламской религии (статья). // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2016. – №11. – С.99-100. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=28343135

6. Религиозные верования кыргызов и влияние на них священных мест (статья). // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2016. –№11. –С.105-107. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=28343137

7. История Енисейских кыргызов в исследованиях профессора В. Я. Бутанаева (статья). // Ош мамлекеттик университетинин жарчысы. – Ош, 2018. Атайын чыгарылыш. – 231-233-бб. https://drive.google.com/drive/folders/1Lx7-DdAIeYAPQb8KxKytOiXn6JaZHyvc

8. Кыргыздардын диний ишеними жана зыярат кылуучу жайлардын таасири (макала). // А. Мырсабеков атындагы Ош гуманитардык педагогикалык институтунун жарчысы. – Ош, 2021. – № 1. – 186-189-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49457333

9. Паломничество жителей южного Кыргызстана в священный город Мекку (статья). // V центрально-азиатские исторические чтения. Сборник материалов международный научно-практической конференции. – Кызыл, 2022. – С. 9-22. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48953108

10. Бала тарбиялоодо бешик ырларынын таасири (макала). // К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин жарчысы. – Бишкек, 2022. – № 2. – С. 9-12. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49399005

11. Жусуп Баласагындын ”Кут алчу билим” поэмасындагы дүйнө таанууга болгон коз караштар (макала). // К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин жарчысы. – Бишкек, 2022. – № 2. – С. 12-14. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49399006

12. Места паломничества, расположенные на юге Кыргызстана (Ноокатский район) (статья). // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. – Новосибирск, 2024. – № 2-1. – С. 7-11. https://www.elibrary.ru/contents.asp?titleid=61752

13. Сулайман-гора – святое место в истории и культуре Кыргызстана (статья). // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. – Новосибирск. 2023.– № 2-1. – С. 12-15. https://www.elibrary.ru/contents.asp?titleid=61752

**9. Диссертациялык иште орун алган айрым мүчүлүштүктөр.**

1. Диссертациялык иште Фергана өрөөнүндөгү зыярат кылуу процессинин өзгөчөлүгүн аныктоо үчүн Кыргызстандын башка аймактарындагы зыярат кылууларды салыштыруу материалдары кеңири колдонулушу зарыл.

2. Диссертациянын методологиясы жана методдору камтылган бөлүктө этнографиялык методдорго көбүрөөк басым жасалып, байкоо жүргүзүү, эксперттик маектешүү, сурамжылоо методдору изилдөөгө карата кандай колдонулгандыгы жөнүндө айтылышы керек.

3. Корутундуда баптар жана параграфтар боюнча жыйынтыктарды бир жолу ирээтеп коюу керек. Кээ бир параграфтардын жыйынтыктары корутундуга кирбей калган. Практикалык сунуштардагы кээ бир жалпы материалдарды алып салууну сунуштайм.

4. Диссертациялык иштеги изилдөө программасына ылайык зыярат кылуучу ыйык жайлардын картасын, терминдердин глоссарийин тиркемеге киргизсе болот. Тиркемедеги фото материалдарды баптарда, параграфтарда колдонулган ирээти же классификацияга ылайык келтирип жайгаштыруу зарыл. Тиркемени зыярат учурундагы ырым-жырым, жөрөлгөлөрдү аткарып жаткан учурларды (процессти) чагылдырган фото, видео материалдар менен байытуу зарыл.

5. Диссертациянын текстиндеги кездешкен техникалык-редакциялык, орфографиялык-стилистикалык каталарды карап чыгуу зарыл.

**10. Диссертациянын КР ЖАКтын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун» талаптарына ылайык келиши.**

Айтиева Гулбурак Аскарбековнанын **“Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалдарынын негизинде)»** аттуу темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссератациясы КР ЖАКтын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун» талаптарына туура келет жана диссертант Айтиева Гулбурак Аскарбековна тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасын алууга татыктуу.

**Официалдуу оппонент,**
**тарых илимдеринин доктору, профессор,**
**И.Арабаев атындагы КМУнун**
**Кыргызстандын тарыхы жана этнология**
**кафедрасынын башчысы** **Жоошбекова А.Р.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ